КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНАЭНЕРГЕТИКА ИНСТИТУТУ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ

ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА ЭНЕРГЕТИ КА ИНСТИТУТ


| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасы,<br>Таш-Көмүр шаары,<br>Студенттер көчөсү 5<br>Тел.: (03745) 50343<br>Факс: (03745) 50343<br>E-mail: abbi.ks(o),mail.ru | Кыргызская Республика<br>г. Таш-Кумыр<br>ул. Студентческая 5<br>Тел.:(03745) 50343<br>Факс: ( 03745) 50343<br>E-mail: abbi.ka®,mail.ru |


## АДИСТЕРДИ ДАЯРДОО БОЮНЧА КЕЛИШИМ

Инновациялык технологиялар жана энергетика институтунун (соңунда ИТЭИ), "Жогорку окуу жайы тууралуу жобонун", ИТЭИнин Уставы менен ИТЭИнин Окумуштуулар Кеңеши тууралуу Жобонун негизинде **ИТЭИнин ректору х.и.к., доцент Барпыбаев Турдумамбет Рысбекович** биринчи тарабынан, экинчи тарап **М.Абылкасымов атындагы Аксы райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Нурманбетов Осмоналы Кудайбердиевич**
(мекеменин аталышы, жетекчисинин Ф.А.А.)

ортосунда "Педагогика", "Филологиялык билим берүү", "Табигый илимий билим берүү", "Көркөм билим берүү" жана "Маалыматтык технологиялар жана системалар" багыттарындагы адистерди даярдоодогу практикалардын өтүлүшү боюнча төмөндөгүдөй келишим түзүлдү.

### I.Келишимдин предмети:

**1.1. ИТЭИ өтүнөт:**

окуу классы үчүн канааларды берүүгө жана өндүрүштүк аянтчалар менен жабдыктарды (каражаттар, колдонмолорду), тажрыйбаларды өткөрүүчү стенддерди сабак өтүү үчүн колдонууга уруксат берүүгө;

үзгүлтүксүз окуу, адаптациялык-педагогикалык, адистик-базалык жана адистик-профилдик практикалардын студенттер тарабынан өтүлүшүнө көмөктөшүүгө;

### II.ИТЭИ милдеттенет:

окуу классына мүмкүнчүлүккө жараша тиешелүү окуу куралдары менен камсыз кылууга;
окуу тайпаларын уюштурууну жана окутуучу-жетекчи менен катышууну камсыз кылууга;
сабактар өтүп жаткан канаалардын ичинде тазалык менен тартипти сактоого;
чарбалык инвертардын жана жабдыктардын толук сакталышын камсыз кылууга;
билим берүү мекемелеринин (бала бакча, мектеп, лицей, колледж) иш убактысынын режимин сактоого.

### III.Мекеме милдеттенет:

тиешелүү курстар боюнча лабораториялык (практикалык) жумуштарды аткаруу үчүн иштеп жаткан жабдыктарды колдонуу үчүн берүүгө жана окуу классын уюштурууга

көмөктөшүүгө; сабактардын жадыбалы боюнча бекитилген практикант-студенттерди окуу классына кирүүсүн камсыз кылууга;
практикалык ыктарды өнүктүрүү максатында квалификациялуу адистерди жана кызматкерлерди консультацияларды өтүүсүн уюштурууга;
практикант-студенттердин практикалык жумуштарды аткарган соң, алардын отчетторун алуу максатында жетекчилерди дайындоого;
практикант-студенттин методикалык иштерине көмөктөшүүгө, мектептин методикалык базасын пайдаланууга, мугалимдердин сабактарына катышууга;
практикант-студенттерге алдыңкы тажрыйбалуу мугалимдерди - насаатчы мугалим катарында бекитип берүүгө;

өз алдынча иштерди аткарууда көзөмөл кылууга, тарбиялык сааттардын өтүшүн көзөмөлдөөгө; алдыңкы мугалимдер менен практикант-студенттин ортосунда тыгыз байланышты камсыз кылууга. студенттин практика боюнча отчет түзүүсүндө тиешелүү консультацияларды берүүгө;

## IV. Келишимди аткаруу тартиби:

келишим эки нускада түзүлөт: бир нускасы ИТЭИнин практика боюнча жооптуусунда, экинчиси мекеменин тиешелүү бөлүмүндө сакталат; келишимдин мөөнөтү: **мөөнөтсүз**
практика учурунда кетирилген кемчиликтер жана пикир келишпестиктер Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык келишим түзгөн эки тараптардын катышуусунда талкууга алынат.

## V. Тараптардын даректери:

| | |
|---|---|
| Жалал-Абад областы | Жалал-Абад областы |
| Таш-Көмүр шаары | М.Абылкасымов атындагы |
| Студенттер көч. 5 | Аксы райондук билим |
| ИТЭИнин ректору | берүү бөлүмүнүн башчысы |
| х.и.к. доцент | Нурганбетов О.К. |
| Барпыбаев Т.Р. | |
| ________________ | ________________ (жетекчисинин колу мөөрү) |
| "__" ______ 2024ж | ______________ 2024ж |